# Аллахтын мүлкүн адилетсиздик менен иштеткен эркектер, алар Кыямат күнү тозокто болушат

Хавла аль-Ансарийа, радыяллаху анха, риваят кылат: Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтканын уктум: «Аллахтын мүлкүн адилетсиздик менен иштеткен эркектер, алар Кыямат күнү тозокто болушат».
[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мусулмандардын мал-мүлкүн алдамчылык менен иштетип, аны адилетсиз алып жаткан адамдар жөнүндө айтып жатат. Мунун мааниси мал-мүлктү адал эмес жолдор менен табуу, аларды жыйноо жана туура эмес жерлерге сарптоо жагынан жалпыга тиешелүү. Буга жетимдердин жана вакф фонддорунун акчасын жеп, аманаттарды четке кагуу, коомдук фонддон негизсиз каражаттарды алуу кирет. Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, алардын жазасы Кыямат күнү тозок болорун айтты.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee